**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**ХАН - ТЕНИРИ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**ХАН-ТЕНИРИ**

---

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы

# ТОКТОМ

**20.08.2025** **№ 58** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан-Тенири айыл аймагында турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар, ошондой эле калктуу конуштардагы жана айыл чарба багытындагы эмес жер участоктору боюнча колдонулуучу зоналдык коэффициенттерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик - аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” №370 Жарлыгына ылайык, административдик-аймактык реформадан кийин түзүлгөн Хан-Тенири айыл аймагында турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар, ошондой эле калктуу конуштардагы жана айыл чарба багытындагы эмес жер участоктору боюнча колдонулуучу зоналдык коэффициенттерди бекитүү жөнүндөгү Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун кайрылуусун угуп жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388-404- беренелерине негиздеп Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Хан-Тенири айыл аймагында турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар, ошондой эле калктуу конуштардагы жана айыл чарба багытындагы эмес жер участоктору боюнча колдонулуучу зоналдык коэффициент 1,8 өлчөмүндө бекитилсин.
2. Хан-Тенири айыл аймагында турак эмес имараттарга, курулмалар жана жайларга, ошондой эле калктуу конуштардагы жана айыл чарба багытындагы эмес жер участокторуна зоналдык коэффициентти колдонуу боюнча иш алып баруу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу бюджет, финансы жана экономика, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**